| | |
|---|---|
| КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>БАТКЕН ОБЛУСУ<br>ЛЕЙЛЕК РАЙОНУ<br>**ЖАҢЫ-ЖЕР<br>АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН<br>АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ** | КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>БАТКЕНСКАЯ ОБЛАСТЬ<br>ЛЕЙЛЕКСКИЙ РАЙОН<br>**АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ<br>ЖАНЫ-ЖЕРСКОГО<br>АЙЫЛНОГО АЙМАКА** |

**Жаңы-Жер айылдык кеңешинин VIII чакырылышынын V-сессиясынын**

**№ 22 Т О К Т О М У**

Арка айылы 24-март 2025-жыл

**2024-жылдын 17-январындагы Жаңы-Жер айылдык кеңешинин VII-чакырылышынын кезектеги III сессиясынын 47 сандуу токтомунун 2-п., 4-п., 6-п. жокко чыгаруу жөнүндө**

Лейлек районунун прокуратурасынын 2025-жылдын 10-мартындагы №25/138-07-11-2-00219 сандуу Каршылык билдирүү катынын негизинде, 2024-жылдын 17-январындагы Жаңы-Жер айылдык кеңешинин VII-чакырылышынын кезектеги III - сессиясынын 47 сандуу токтому менен Жаңы-Жер айыл аймагындагы ичүүчү сууну керектөөчүлөрдүн айылдык коомдук бирикмеси "Келечек-Арка" ишканасынын 2024-жылга карата таза суунун тарифи жана башка маселелер бекитилген. Аталган токтомдун 2-п. өз алдынча суу түтүктөрүн кошуп алгандарга биринчи ирет 1000 сом, экинчи ирет 2000 сом айып пул салынуусу, 4-п. негизги суу түтүктөрүн талкалаган жана малын суугаргандарга 10 000 сом айып пул салынуусу, 6-п. ичүүчү таза сууну сугат суу катары пайдалангандарга биринчи ирет эскертүү, экинчи ирет 2000 сом айып пул салынуусу белгиленген.

Жаңы-Жер айылдык кеңешинин жогорудагы токтому Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актыларынын талаптарына ылайык келбегендиктен, токтомдун жогоруда айтылган пункттарын жокко чыгаруу үчүн Жаңы-Жер айылдык кеңеши **токтом кылат:**

1. Жаңы-Жер айылдык кеңешинин VII- чакырылышынын кезектеги III-сессиясынын 47 сандуу токтомунун 2-п., 4-п. жана 6-п. ченемдик укуктук актыларынын талаптарына туура келбегендиктен жокко чыгарылсын. *Тиркеме: 2024-жылдын 17-январындагы Жаңы-Жер айылдык кеңешинин VII-чакырылышынын III сессиясынын 47 сандуу токтому*

2. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы айылдык кеңешинин Мыйзамдуулукту, укук тартибин сактоо, жарандардын укугун жана кызыкчылыгын коргоо, архитектура, курулуш, транспорт жана экология боюнча туруктуу комиссиясына тапшырылсын.

**Төрага:** **Ж.Мурадилов**

| | | |
|---|---|---|
| **КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**<br>**БАТКЕН ОБЛУСУ**<br>**ЛЕЙЛЕК РАЙОНУ**<br>**ЖАҢЫ-ЖЕР**<br>**АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН**<br>**АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ** | | **КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**<br>**БАТКЕНСКАЯ ОБЛАСТЬ**<br>**ЛЕЙЛЕКСКИЙ РАЙОН**<br>**АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ**<br>**ЖАНЫ-ЖЕРСКОГО**<br>**АЙЫЛНОГО АЙМАКА** |

**Жаңы-Жер айылдык кеңешинин VII чакырылышынын кезектеги III сессиясы**

# ТОКТОМ

**№ 47**

Арка айылы 17-январь 2024-жыл

**Жаңы-Жер айыл өкмөтүнүн ИСКАКБ "Келечек-Арка" ишканасынын 2024-жылга карата таза суунун тарифин бекитүү жөнүндө**

Жаңы-Жер айыл өкмөтүнүн ИСКАКБ "Келечек-Арка" ишканасынын 2024-жылга карата таза суунун тарифин бекитүү жөнүндөгү "Келечек-Арка" ИСКАКБсынын Жаңы-Жер айыл өкмөтүнүн тургундары менен болгон чогулуштарда кабыл алган чечимдердин негизинде Жаңы-Жер айылдык кеңеши **токтом кылат**:

1. 2024-жылдын 17-январь айынан баштап таза суу төлөмдөрү ар бир кожолука ай сайын таза сууну үйүнө киргизгендер 250 сомдон, сырттан алгандарга 150 сомдон төлөө тарифи бекитилсин.
2. Өз алдынча суу түтүктөрүн кошуп алгандарга
- Биринчи ирет 1000 (бир миң) сом
- Экинчи ирет 2000 (эки мң) сом
3. Өз алдынча суу түтүкчөлөрүн ачып жаткандарга жана бузгандарга 1000 (миң) сом айып салынсын жана тетиктин баасын базар наркында төлөп берүүсү белгиленсин.
4. Негизги суу түтүкчөлөрдү талкалаган жана малын суугаргандарга 10000 (он миң) сом
5. Үйдүн жанындагы суу чыгуучу колонканы вентилсиз пайдалангандарга:
- Биринчи ирет эскертүү
- Экинчи ирет колонка бекитилип салынсын
- Үчүнчү ирет вентил суу пайдалануучулар эсебинен калыбына келтирилсин.
6. Ичүүчү таза сууну сугат суу катары пайдалангандарга:
- Биринчи ирет эскертүү
- Экинчи ирет 2000 миң
- сом айып салынсын
7. Мекеме уюмдарга суунун наркы 1 м.3 30 (оттуз) сом болуп бекитилсин. Тарифтерди өз убагында төлөбөгөндөргө күнүнө 0,5% айып салынсын.
8. Достук айылындагы башкы суу сактоочу кампадан 1 м.3 суу 30 сом өлчөмүндө төлөнсүн.
9. Үйүнүн тамаркасынан суу түтүктөрүн өткөргөн тургундарга ремонт иштери өз каражатынын эсебинен ремонт кылынсын. Ошол жарандар үүндөгү суу түтүкчөлөрүнө эсептегич коюп пайдалансын. Эсептегич коюлбаса:
- Биринчи жолу эскертүү
- Экинчи ирет колонка бекитилип салынсын.

10. “Келечек-Арка” ИСКАКБсынын бюджетинин сметасы жана штаттык ьирдиги бекитилсин.
11. Токтомдун аткарылышы айыл өкмөтүнө жүктөлсүн.

Төраганын убактылуу милдетин аткаруучусу: К.Салимбеков